**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2026, 17-34

**УДК: 94 (575.2)**
**DOI:** 10.52754/16948653_2026_1_3

# “КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БАСМАЧЫЛЫК КЫЙМЫЛ: ЖАҢЫЧА КӨЗ КАРАШ (XX КЫЛЫМДЫН 20–30-ЖЫЛДАРЫ)”

## БАСМАЧЕСКОЕ ДВИЖЕНИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ: НОВЫЙ ВЗГЛЯД (20–30-Е ГОДЫ XX ВЕКА)

## THE BASMACHI MOVEMENT IN KYRGYZSTAN: A NEW LOOK (1920S–1930S)

**Бөтөнөев Жолдошбек Советбекович**
*Ботоноев Жолдошбек Советбекович*
*Botonoev Joldoshbek Sovetbekovich*

**тар.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети**
*к.ист.н., доцент, Ошский государственный университет*
*Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Osh State University*
joldoshbek_84_osh@mail.ru

# "КЫРГЫЗСТАНДАГЫ БАСМАЧЫЛЫК КЫЙМЫЛ: ЖАҢЫЧА КӨЗ КАРАШ (XX КЫЛЫМДЫН 20-30-ЖЫЛДАРЫ)"

**Аннотация**

Бул макалада Кеңеш Өкмөтүнүн XX кылымдын 20-30-жылдарындагы Кыргызстандагы "басмачылык кыймыл", "кулакка тартуу" саясатына жаңыча көз караштар боюнча сөз болот.

***Ачкыч сөздөр:*** басмачы, коллективдештирүү, колхоз, кооператив, ТОЗ, кулак, саясат

## *БАСМАЧЕСКОЕ ДВИЖЕНИЕ В КЫРГЫЗСТАНЕ: НОВЫЙ ВЗГЛЯД (20–30-Е ГОДЫ XX ВЕКА)*

**Аннотация**

В данной статье излагаются некоторые новые взгляды на последствия процесса басмачество, «раскулачивания» политики коллективизации Советской власти в 20-30-гг. XX столетия.

***Ключевые слова:*** басмачество, коллективизация, колхоз, кооператив, ТОЗ, кулак, политика

## *THE BASMACHI MOVEMENT IN KYRGYZSTAN: A NEW LOOK (1920S–1930S)*

**Abstract**

This article presents several views on the consequences of the "dispossession of kulaks" within the collectivization policy of the Soviet regime in the 1920s–1930s.

***Keywords:*** Collectivization, kolkhoz, cooperative, TOZ, kulak, policy

**Киришүү**

XX кылымдын 20–30-жылдары антисоветтик элементтер деп табылып, мал-мүлкүнөн, үй-жайынан, бир туугандарынан, бала-чакасынан, Ата-Журтунан ажырап, алыскы Украина, Россия, Түндүк Кавказ жана Казахстанга депортацияланган өз мезгилинин элита катмарын түзгөн мекендештерибиз, тагыраак айтканда байлар, бийлер, манаптар, казылар, ири соодагерлер, дин өкүлдөрү азыркы мезгилге салыштырып караганда учурдагы ири бизнесмендер, фермерлер, жеке менчик кредиттик компаниялардын, иш каналардын ж.б. жетекчилеринин жеке менчигин мажбурлоо жолу менен конфискациялоого барабар десек болот.

Эгерде азыркы күндө Кыргыз өкмөтү жеке менчик чарбалардын мал-мүлкүн мамлекеттик менчикке өткөрүү боюнча демилге көтөрүү менен анын аракетин көрүүгө киришсе, анда өлкөдө сөзсүз жарандык согуш ишке ашат.

Чындыгында эмне үчүн бирөөнүн жеке менчик чарбасынын эсебинен экинчи бир адам жашашы керек?

Совет бийлигинин ошол кездеги мындай саясатын кедей-кембагалга, жарды үй-бүлөөлөргө жагынуу менен жалпы калктын көпчүлүк пайызын түзгөн алардын колдоосуна ээ болуу менен өздөрүнүн максаттарын ишке ашырып, бийлигин сактап калуу аракети катары да караса болот.

20–30-жылдарындагы Совет өкмөтүнүн массалык коллективдештирүү мезгилиндеги антиэлиталык депортациялары тагыраак айтканда кулакка тартуу саясаты тарыхый татаал доорлордун бири. Авторитардык, буйрукчул-командалык системага негизделген Сталиндин мындай саясаты, бүгүнкү күндө тарых илиминдеги буга чейин үстүртөн каралып, обьективдүү баа берилбей, бурмаланып келе жаткан бир топ актуалдуу маселелердин бири болуп эсептелинет. Бул маселе тарыхчылар тарабынан буга чейин, тагыраак айтканда Союздун мезгилинде партиялык идеологиянын рамкасынын чегинде гана каралып, чыныгы тарыхый окуяны аягына чейин обьективдүү ачып бере алышкан эмес.

Себеби, ошол мезгилдеги партиялык саясий система, мурдагыдай эле авторитардык-бюрократиялык система болгон. Качан гана эгемендүү республика болгондон кийин, бул жана буга окшогон бир топ саясий жана социалдык-экономикалык ж.б. маселелер кээ бир учурларда Совет бийлигинин жүргүзгөн саясатын катуу сынга алышып, тарыхчы-окумуштуулар, атайын изилдөөчүлөр тарабынан субьективизмге жол берилип, бир жактуу баа берип келгендиги дагы жок эмес.

Учурда, мына ушундай талаш маселелерди тактоо мезгили келди. Ошондуктан, бул маселени кайрадан жаңы илимий табылгалардын, тагыраак айтканда архивдик жана талаа материалдарынын негизинде, жаңыча көз караште карап, обьективдүү баа берүү, жана айыл чарбаны реформалоодо Совет өкмөтүнүн кетирген катачылыктары менен бирге эле бүгүнкү күндүн талабына ылайык келген позитивдүү тажыйрыбасын аныктап алуу учурда актуалдуу.

Чындыгында, ал кездеги элита катмарын байлар, бийлер, манаптар, казылар, молдолор түзүшкөн.

Бирок, бул элита катмарынын өкүлдөрү ал кезде Кыргыз АССРинин жалпы калкынын аз эле пайызын түзгөнүнө карабастан кулак чарбалары катары эсептелишип өлкөдөн сырткары депортациялашкан.

**20–30-жылдары Кыргызстанда жалпы калктын канча пайызын кулак чарбалары түзгөн?** – деген суроо кызыгууну жаратпай койбойт.

1924-жылы 14-октябрда РСФСРдын курамында түзүлгөн Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун калкынын саны 828300 адамды түзүп, анын 63,5%ын кыргыздар, 16,8%ын орустар, 15,4%ын өзбектер, 4,3%ын башка улуттар түзгөн (Энциклопедия, 2003, 56-бет). Мисалы, салык эсебинин маалымматтары боюнча, 1928-1929-жылдарда Кыргызстанда 3406 гана кулак чарбасы болгон (дыйкан чарбаларынын жалпы санынын 1,8 пайызы). Бул деген сөз кулак чарбалары дээрлик жокко эсе десе болот. Баардыгы болуп жеке капиталисттик укладдын үлүшүнө Кыргызстандын бардык дыйкан чарбасынын 3,6%на туура келет. Директивалык документтерге ылайык республиканын бардык дыйкан чарбасынын 3–5% кулакка тартылган (Энциклопедия, 2003, 56-бет). Бул тапшырманы аткаруу жана ашыра аткаруу үчүн бийликтин жергиликтүү органдары фактыларды атайылап бурмалоо менен иш жүргүзүшкөндүгү, керектүү сандагы «кулак чарбаларын» «издешкендиги жана табышкандыгы» түшүнүктүү. Натыйжада орто чарбалардын кыйла бөлүгү кулакка тартылган. Бул деген сөз, ошол кездеги бийликтин кошоматчылык акыйкатсыз саясат жүргүзгөнүнөн кабар берет.

**20–30-жылдары кулак чарбаларына мамлекет кандай мамиле кылган?** деген суроо чындыгында кызыгууну жаратат. Кулактарды колхоз-совхоздордон тазалап, өлкөдөн сырткары депортациялоодо атайын токтомдорду чыгарышып, директиваларды кабыл алышып, ошонун негизинде иш алып барышкан. Мисалы, 1931-жылы 29-июнда ВКП (б) БКнын Орто Азиялык бюросу “Кулак чарбаларын көчүрүү жөнүндө” директивасы чыккан. Директивага ылайык августтан сентябрга чейинки аралыкта Орто Азиядан Украинага, Түндүк Кавказга 6 миң кулак чарбалары көчүрүлсө, анын 700 дөн ашыгын Кыргызстандык кулак чарбалары түзгөн (Будянский, 1968, Б.101). 1932-жылдын 3-декабрындагы ВКП (б) нын Кыргыз Обкомунун “Колхоздорду кулак жана бай-манаптардан тазалоо жөнүндө” токтому да коллективдүү чарбалардын социалдык курамын бай-манап жана кулак чарбаларынан тазалоодо абдан чоң мааниге ээ болгон.

**Кыргыз айылдарында антиэлиталык депортациялар же кулакка тартуу процесси кандай ишке ашты?** – деген суроо дагы көпчүлүктүн кызыгуусун жаратат.

1927–1928-жылдардагы жер-суу реформаларынын башталышы менен антиэлиталык депортациялар же кулака тартуу процесси коштолгон.

1927-жылы 15-декабрда Жалал-Абад кантонунун Көкарт волостунда өткөн активисттердин жыйынында Алимбеков аттуу байдын 134 танап сугарма жана 40 танап кайрак жери тартылып алынса, 16-декабрда Көк-Жаңгак кыштагында 3 бай чарбасы ликвидацияланып, алардын 99 гектар сугарма жана 142 гектар кайрак жери, айыл чарба инвентарлары жана курулуштары тартылып алынган. Ошол жылдын 21–22-декабрында ошол эле кыштакта дагы 12 бай чарбаларынын мал-мүлкү конфискацияланган. Ошентип, жалпы 15 бай чарбасынан 2160 танап сугарма жана 2007 танап кайрак жери тартылып алынган.

Ал эми, Багыш айылдык кеңешинде 27 бай чарбасы ликвидацияланган.

Жалпысынан 1927-жылдын 14–27-декабрында райондогу Көкарт волостунда (Багыш, Үчмалай, Таран-Базар айылдык кеңештеринде) 46 бай чарбасы ликвидацияланган (Будянский, 1968, Б.101).

Мындан сырткары Ош кантонунан 96 бай, 169 ири соодагер жана башка эмгекчи эмес чарбалар ликвидацияланган жана 2240 чарба жабыркаган. Жалал-Абад кантонунан 182 бай, 50 ири соодагер жана башка эмгекчи эмес чарбалар ликвидацияланган жана 1207 чарба жабыркаган. Ош жана Жалал-Абад кантонунан биригип жалпы 278 бай, 219 ири соодагер жана эмгекчи эмес чарбалар ликвидацияланган жана 3447 чарба жабыркаган (Будянский, 1968, Б.101). 1927–1928-жылдары жүргүзүлгөн жер-суу реформасы чындыгында, антиэлиталык депортациялардын биринчи этабы болгон десек туура болот. Ал эми 1929–1935-жылдарга чейинки мезгил экинчи этап болуп эсептелсе, 1936–1938-жылдардагы кандуу репрессиялар антиэлиталык депортациялардын үчүнчү этабын толуктайт деп айтууга болот.

Тарыхта баарыбызга маалым болгондой 1937–1938-жылдардагы кандуу репрессиялардын курмандыктары так ушул 1927–1935-жылдары антисоветтик элементтер, кулак чарбалары деп аталып депортациялангандардын балдары, же болбосо ата теги бай-манап, кулак, молдо болгон деген жалаалар репрессиялангандардын бирден-бир айыбы катары угузулган.

Антиэлиталык депортациялардын экинчи этабы бул чындыгында 1929-жылдын жай айларында И. Сталин “туташ коллективдештирүүнүн” урaанын жарыялаган. 1930-жылы 5-январда ВКП (б) Борбордук Комитети “Коллективдештирүүнүн темпи жана колхоз курулушуна мамлекеттик жардам көрсөтүүнүн чаралары жөнүндө” токтом кабыл алган. Анда коллективдештирүүнүн мөөнөтү бекитилип, ал сталиндик административдик-буйрукчул системанын жетекчилиги алдында жүргүзүлгөн. 1930-жылы январь-февраль айларында коллективдештирүү өтө тез темп менен жүргүзүлүп, 1929-жылы дыйкандардын 6,6% гана колхоздорго кирген болсо, 1930-жылдын мартында бул көрсөткүч 37,2%га жеткен (Энциклопедия, 2003, 52-53-беттер).

Бирок, Сталиндин мындай административдик-буйрукчул системасынын алкагында күч колдонуп мажбурлоо жолу менен жүргүзүлгөн коллективдештирүү саясатына каршы болгон, колунда бар оокаттуу үй-бүлөөлөрдү (бай-манаптарды), дин өкүлдөрүн антисоветтик элементтер, кулак чарбалары катары эсептеп депортациялашкан.

Мисалы, 1929-жылдын 13-апрелиндеги Ош округдук Жер Борборунун №31 токтомунун негизинде Ош округундагы 12 манапты көчүрүү маселеси каралып, ал “жашыруун” документ катары сакталган. Ал документте төмөндөгү манаптардын аты-жөнү, жашаган дареги, мал-мүлкү туурасында маалымат берилген: Бул маалыматка ылайык, Молдо Кубак Таджиев батрактар менен кедейлерди экспулатациялоонун негизинде ири чарбага жетишкен. Молдо Кубак Таджиевдин жалпы 100 танап жери конфискацияланса, анын 20 танабы Секелек жана 80 танабы Кара-Кулжадан болгон. Конфискацияланган мүлк 6 аттан, 3 букадан, 1 коргондон, 1 кыргыз үйдөн, 1 үй, 1 жылкы, 1 сандык ж.б., жалпы суммасы 1549 рублди түзөт. Молдо Кубак Таджиевдин конфискацияланган мал-мүлкү “Жашоо” (“Жизнь”) деген артелге өткөрүлүп берилген.

Ал эми, манап Маткасым Асанов (Мухаммед Касым Хасанбаев) Өзгөн районунун Кара-Кочкор айылынан болгон. Ал ар дайым жергиликтүү кедейлерди совет бийлигине каршы

үндөгөн. Кара-Кочкор айылынын кедейлери Маткасым Асанов мурдагы “казы” катары, учурдагы совет бийлигине каршы активдүү иш аракеттерди жүргүзгөндүгү үчүн, Кыргызстандан сырткары көчүрүлсүн деген чечим кабыл алышат. Ошондой эле анын 500 рублдик 1 үйү, 10 рублдик 1 кроваты, 1115 рублдик 15 аты, 9 баш ири мүйүздүү малы, 1 кыргыз үйү, 1 умывальниги ж.б., жалпы суммасы 2089 рубль. Маткасым Асановдун Адыр-Кыштактагы жери ошол жердеги артелдеги батрактарга өткөрүлүп берилген.

Мындан сырткары, Ойтал-Алайку айылдык кеңешинин Кызыл-Жар айылынан Кожомбердиев Түлөкө казы, Кыдыршаев Бекташ казы, Жаныгулов Кулашбай манап, Ишев Нурмат молдолордун мал-мүлкүн төмөндөгүдөй тартипте конфискациялоо менен кулакка тартылышкан:

14-февралда Ойтал-Алай-Куу айылдык кеңешинин активинин жыйыны болуп, анда Кыргыз Өкмөтүнүн “бир кыйла коркунучтуу манаптарды көчүрүү” жөнүндөгү токтомун талкуулашкан. Талкуунун жыйынтыгында бир кыйла коркунучтуу манаптар катары Кожомбердиев Түлөкө казы, Кыдыршаев Бекташ казы, Жаныгулов Кулашбай манап, Ишев Нурмат молдолор табылган. Бул жыйынга жалпы 14 адам катышып, анын ичинен 3 адамдан турган комиссия түзүлгөн. Бул комиссия жогоруда аталган манаптардын мал-мүлкүн конфискациялоо максатында түзүлгөн. Жаныгулов Кулашбайдын жалпы суммасы 6455 рублдик, Кожомбердиев Түлөкө казынын 7591 рублдик мал-мүлктөрү конфискацияланып алынып, алардан алынган мал-мүлктөрдүн негизинде 22-февралда “Кызыл-Чегара” (“Красная граница”) айыл-чарба артели түзүлгөн (КРнын БМА (ЦГА КР) 21-фонд, 16-опись, 98-сактоо бирдиги, Б.158-161).

1929-жылы Ош кантонунан кулакка тартылган 7 бай-манаптын жалпы суммасы 67 957 рубль 50 тыйындык мал-мүлкү конфискацияланган: 22 860 рублдик 302 ат, 6 858 рублдик 159 ири мүйүздүү мал, 1 820 рублдик 14 төө, 25 789 рублдик 1 950 кой-эчки, 933 рублдик 25 уй, 6 735 рублдик 34 ар кандай курулуш, 91 рублдик 6 эшек, 158 танап жер, 30 рублдик 1 тикме машина, 155 рубль 50 тыйындык 25 ар түрдүү айыл-чарба шаймандары, 115 рублдик 8 кийим ж.б. алынган (КРнын БМА (ЦГА КР) 21-фонд, 16-опись, 98-сактоо бирдиги, Б.158-161).

Мына ушул жогоруда аты аталган 12 бай-манаптан сырткары Алай районунун Сары-Булак айылдык кеңешинин жашоочусу бай-манап Алимбеков Мати миң башы, Өзгөн районунан Баймырзаев Юсупбай казылар (Жусупбай) ОГПУ тарабынан камакка алынып, мурдагы 12 манапка кошулуп Оренбург шаарына айдалышкан (КРнын БМА (ЦГА КР) 21-фонд, 16-опись, 98-сактоо бирдиги, Б.158-161).

Жыйынтыктап айтканда, мындай тарыхый фактылар жүздөп кездешет. Совет бийлигинин акыйкатсыз, күч колдонуу менен жүргүзгөн антиэлиталык депортациясынын натыйжасында өткөн кылымдын 20–30-жылдары Кыргызстандын алдыңкы элитасы эсептелген байларыбыз, бийлерибиз, манаптарыбыз, казыларыбыз, молдолорубуз, ири соодагерлерибиз ж.б.

Макаланын акырында Сталиндик саясаттын алгачкы жана кайталангыс курмандыктарына айланышкан инсандарыбыздын буга чейин жарыкка чыга элек сүрөттөрү (архивдик фото документтер) тиркелген.

Ал эми бул теманын үстүнөн изилдөөлөрдү дагы да жүргүзүү бул келечектин иши деп эсептейбиз.

**Басмачылык кыймылдардын генезиси**

1917-жылдын февраль айындагы Россия империясында жүз берген революциянын натыйжасында акыркы император Николай II тактан кулап, империянын курамында жашап, анын запкысын жеген элдер менен саясий топтор белгилүү деңгээлде эркиндикке чыккандай эле болгон.

Империянын курамында жашап келген саясий топтор баш көтөрүшүп, басма сөз каражаттары эркиндикке чыгып, үмүттүн шооласы жанган.

Падышалык бийликтин кулагандыгы тууралуу алгачкы кабар кыргыз жергесине март айынын алгачкы күндөрү гана келген.

Революциянын шарапаты менен Кыргызстандын Пишпек жана Ош сыяктуу уездик борборлорунда ошондой эле эмгекчилер топтолгон башка аймактарында дагы байма-бай демонстрациялар жана митингдер өтүп, бир топ талаптар коюлган. Мына ушундай окуялардан кийин март айын башында Пишпектеги, Караколдогу жана Оштогу түрмөдө жаткан 500гө жакын саясий камактагылар эркиндикке чыгышкан.

Падышалык бийликти кулаткандан кийин, анын ордуна түзүлгөн Убактылуу өкмөттүн курамына кайрадан эле мурдагы падышалык бийликтин саясатын колдогон саясий топ гана кирип, жумушчулар менен дыйкандар сыртта калган. Жалпы эл көптөн күткөн февраль революциясы саясий эркиндикти бергени менен дыйкандар менен жумушчулар эңсеген негизги маселелерди чече алган жок.

Мурдагы Россия империясынын башка аймактарындай эле Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстанда дагы падышалык бийлик кулаганы менен анын колониялык саясаты улана берген. Ошол кездеги Убактылуу өкмөттүн башчысы Керенский Түркстандын аймагына колония катары мамиле кылып, аймакта мурдагы генерал-губернатор Куропаткин баш болгон эски чиновниктердин бийлиги өкүм сүргөн.

Мисалы, 1916-жылдагы Кыргызстандагы «Үркүн» деген ат менен тарыхта белгилүү болгон улуттук боштондук көтөрүлүшүндө мурдагы падышалык бийликтин камчысын чаап, өзгөчө эрдик көрсөтүшкөн Шеболин, Занемовский, Дряхлов, Ходосовдор уездик комиссарлар болуп дайындалышып, жергиликтүү элге карата ашынган улутчулдук саясаттарын уланта беришкен.

Элдин үмүтүн актабаган февраль революциясы жергиликтүү элдин, дыйкандар менен жумушчулардын күндөн-күнгө нааразычылктарын жаратып, улуттук-боштондук мүнөздөгү саясий күчтөрдү бириктирген Кыргыз коомдук комитети, Мусулман жумушчулары менен чайрыкерлеринин депутаттарынын Совети өңдүү уюмдарга бириге башташкан.

Борбордук Россиядан айырмаланып, Кыргызстанда жумушчулар менен солдаттардын депутаттарынын Советтеринен, Убактылуу өкмөттүн комитеттеринен жана жергиликтүү элдин улуттук мүнөздө түзүлгөн Кыргыз коомдук комитеттеринен турган үч бийликтин жашоосу өкүм сүргөнү менен, реалдуу бийлик Убактылуу өкмөттүн колунда кала берген.

Убактылуу өкмөттүн саясатына нааразы болгон жумушчулар 1917-жылдын июнь айынын башында Ташкентте 1000ге жакын адам катышкан атайын чоң жыйын өткөрүшүп, өкмөттүн саясатына каршы уюштуруу бюросун түзүүгө жетишишкен.

1916-жылы Кытайга качкан кыргыздар падышалык бийликтин кулаганын уккан соң абдан чоң үмүт менен Кыргызстанга кайта башташкан.

Бирок, тилекке каршы алардын көпчүлүгү жолдо каза болушуп, 60 миңдин айланасында гана адам Кыргызстанга кайтып келишкен. Кайтып келген кыргыздарды дагы Убактылуу өкмөттүн Түркстан комитети 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөшкө катыштыктары бар деп эсептешип, аларга карата жазалоону токтотушкан эмес.

Ошентип 1917-жылдын жаз жана жай айларынан баштап Кыргызстандын аймагында кыргыз-казак жана кыргыз-өзбек элиталарынын башын бириктирген «Алаш», «Шуро-и-ислам» өңдүү алгачкы саясий партиялар түзүлө баштаган. Бирок, бул партиялардын саясий жашоосу көпкө узаган эмес, тагыраак айтканда «Шуро-и-ислам» партиясы 1918-жылы, «Алаш» партиясы 1920-жылы жоюлган.

Жергиликтүү лидерлер алгачкы аракеттеринин ийгиликсиз болуп калгандыгына карабастан «Социал-Туран» партиясынын жергиликтүү уюмдарын түзүү аракетин көрүшкөн. Бирок, партия толук кандуу түзүлүп, өз ишин баштай электе эле контрреволюциячыл уюм катары ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө тыюу салынган.

Мындан кийин деле бир топ аракеттер болуп, солчул эсерлер партиясы жана «Букара» союзу өңдүү саясий бирикмелер Убактылуу өкмөткө атайын талаптарды коюп чыгышканы менен Убактылуу өкмөт алардын бир дагы талаптарын аткарган эмес.

Ошентип, Кыргызстанда 1917-жылдын февралдан октябрь айларына чейин саясий кырдаал курч бойдон калып, качан гана 25-октябрда (7-ноябрь) большевиктер партиясы менен Аскердик-революциячыл комитет Убактылуу өкмөттү кулаткандыгын жарыя кылгандан кийин, Кыргызстанда кайрадан жакшы жашоонун жышааны сезилип, Совет бийлиги акырындык менен Кыргызстандын бардык аймагында орноп баштайт.

Октябрь революциясынын натыйжасында бийликтен кулатылган мурдагы Убактылуу өкмөттүн тарапташтарынын жаңы түзүлгөн Совет бийлигине куралдуу каршылык көрсөтүүлөрү бүтүндөй Советтик Россиянын аймагында, анын ичинде Кыргызстанда дагы жарандык согуштун чыгышына алып келип, ал 1918-жылдан башталып, 1920-жылдын аягына чейин созулган.

Жарандык согуш бүтүндөй Фергана өрөөнүндө жана Кыргызстандын түштүк аймагында **«басмачылар»** деген ярлык тагылган жергиликтүү лидерлерге каршы туура эмес багытталып калган эле.

Бирок, тарыхта Совет бийлигинин жергиликтүү элге карата акыйкатсыз жүргүзгөн саясатына каршы чыккан лидерлерине «басмачылар» деген ярлык тагып, алардын аракеттерин реакциячыл мүнөздөгү кыймыл катары бир жактуу туура эмес баа берип коюшкан.

Алардын пикири боюнча басмачылар деген категорияга байларды, дин өкүлдөрүн ж.б. социалдык топторду кошушуп, дин кызматкерлери аларды идеялык жактан колдоп, динди беттерине кармашып, Совет бийлигине каршы карапайым элдин баштарын айлантышкан жана аларды империалисттик мамлекеттер, өзгөчө Англия ар тараптан колдогон деп эсептешкен.

Англияга окшогон империалисттик мамлекеттер «пантүркизм» жана «панисламизм» идеяларын дагы пайдаланышкан деп ойлошот.

Аларга карапайым, эмгекчи элдерди, айыл-кыштактарды талап-тоношкон, өрттөп жок кылышкан, күнөөсү жок адамдарды, жумушчуларды өлтүрүшкөн, мамлекеттик ишканаларды талкалап, өрттөшкөн деген ж.б. шылтоолорду коюшкан.

Алар өзгөчө контрреволюциячылар болгон деп эсептешип, аёосуз куугунтукка алышып, аларга каршы ачык эле согуш жарыялашкан.

70 жылдай Советтик тарыхнаамеде биз аларды басмачылар деп окуп, басмачылар деп таанып, алардын урпактарын жек көрүп келгенибиз дагы тарых.

Кыргызстан Эгемендүүгүн алганына 30 жылга чукулдап калса дагы, кыргыз тарыхынын актай барактарын, күнгөй жана тескей жактарын Россиядан же башка коңшу мамлекеттерден жалтандабай өз алдынча иликтей албай келебиз.

Тарыхта басмачылык кыймылы деген ат менен келе жаткан бул чоң тарыхый окуяга тарыхчылар менен коомчулук ар кандай көз карашта баа берип келишет.

Мен дагы бул тарыхый окуяга тарыхчы катары колумдагы тарыхый табылгаларга жараша кыскача токтолуп өтүүнү туура көрдүм.

**Эмесе, сөз башынан болсун!**

«Басмачы» деген сөз кандай маанини түшүндүрөт? «Басмачы» деген категорияга кимдер кирген? Басмачылык кыймыл качан жана эмне себептен чыкты? Басмачылык кыймылдын кыймылдаткыч күчү кимдер болгон? Алардын канча колдоочулары болгон? Ким деген лидерлери болгон? Алар эмне менен алек болушкан? Алар элге, мамлекетке кандай эмгек кылышкан? Алардын кийинки тагдырлары кандай аяктады? Алар тарыхтан кандай орун алышты? Алардын урпактарына бүгүнкү күндө коомчулук кандай мамиле кылат? ж.б. суроолорго жооп издеп көрөлү.

Бул жогорудагы бир топ суроолор абдан маанилүү суроолор. Бул суроолорго бүгүнүкү күнгө чейин конкреттүү так, калыс баа бере албай келебиз. Ушул күнгө чейин Кыргызстанда жогорудагы суроолордун баарына жооп берген конкреттүү бир дагы илимий фундаменталдык эмес, жөнөкөй жеңил-желпи жазылган Ата мекендик эмгек жок экендигине карабастан көтөрүлгөн маселе боюнча төмөнкү маалыматтар менен бөлүшүүнү туура деп эсептейбиз:

Мисалы, Фергана өрөөнүндөгү жана анын ичинде Кыргызстандагы басмачылык кыймылдын лидерлери катары төмөнкү инсандарды белгилөөгө болот:

**Фергана өрөөнүндөгү совет кошундарына каршы аракет кылган корбашылар:**

**А). Алай өрөөнүнөн:** Нурмат минбашы, Хамракул (Нурмат минбашынын пансады), Манас, Хакимбек, Корабай Туксабо, Молдо Шади.

**Б). Ош уездинен:** Аскар (Мойдунбектин, көбүрөөк Жолчунун пансады), Бобожон жүзбашы, Кулдош (Колдош, Б.Ж.), Йулбарс (Жолборс, Б.Ж.), Даврон (Шермухаммадбектин корбашысы), Пулат (Ахмад палвандын пансады).

**В). Наманган районунан:** Дадабой лашкарбашы, Ак Молдо (Баястандын санаалашы), Шосалим жүзбашы, Туйчи палван, Шойидбек пансад, Курбон Али, Тухта Назар, Сүюнбек жүзбашы, Бутабек, Усмонбек (Баястандын жүзбашысы), Рахмонбек жүзбашы, Кодиркул, Хожибой жүзбашы, Парпи молдо, Абдукосим, Марал жүзбашы, Журабек, Ирисбой жүзбашы, Ахмадбек пансад (Ёкуббектин санаалашы), Ёкуббек (камакка алынган), Бойтуман ажы

(лашкарбашы), Худойберди (Дадабойдин тууганы), Абдугафур, Абдурахмон молдо, Бокижон, Эшмат Бойватча, Ахмаджон (Дадабойдын жүзбашысы), Абдукарим, Дадабой минбашы, Козокбай минбашы, Тухли пансад, Худойберген жүзбашы, Хужам Берди, Абдулла жүзбашы, Ахмад Али молдо, Султон (Баястандын санаалашы), Баястон Амир-лашкарбашы, Турду Али (Баястандын пансады), Отахон пансад, Юсуфбой жүзбашы, Абдулла (Бойтумандын жүзбашысы), Дада Мирза, Мамажон, Мирзокул, Ирисбой (Бойтумандын жүзбашысы), Жура Дардак (Аман палвандын үзөңгүлөшү).

Мына ушул жогоруда аттары аталган инсандарга окшош эле куугунтук жеп, атууга кеткен белгилүү Атантаев Сатылган тууралуу төмөнкүдөй маалымат кездешет:

**Атантаев Сатылган,** 56 жашта, Кызыл-Жар районунун Караван айылынын жашоочусу, улуту кыргыз, Кыргыз АССРнин жараны, үй-бүлөөлүү, билимдүү, бай-манап, жер-суу реформасы учурунда мал-мүлкү конфискацияланган, соттолгон эмес, төмөнкү кылмыштары (күнөөлөрү) менен айыпталган:

А).1928-жылдын күзүндө Носирхонтөрөнүн жетекчилигиндеги басмачылар кыймылына кошулган, сентябрь-октябрь айларында аймакты жакшы билгендиги үчүн басмачыларды кызыл аскерлердин бир канча соккуларынан сактап калган.

Б). 1929-жылдын октябрь айында, басмачылар жеңилген соң, Носирхонтөрө менен чогуу жашыруун жолдор менен совет бийлигин кулатуу үчүн Носирхонтөрө менен козголоңчулар группасын түзүүгө активдүү катышкан.

В). 1930-жылдын 2-июнунда Каратог (Кара Тоо) аймагында кызыл аскерлердин отрядтары менен болгон салгылашууга катышып, жарадар болгон корбашы Истамбекти алып чыккан, аларды кууп келген отрядтан жашырган.

Мына ушул иштери үчүн Өзбек ССРнин кылмыш-жаза кодексинин 58–67-беренелеринде көрсөтүлгөн кылмыш белгилери менен кармалып, соттолгон. Күнөөсүн мойнуна алган.

Носирхонтөрө менен чогуу 18 адамдын ичинде АТУУГА ӨКҮМ ЧЫГАРЫЛГАН.

**Төмөнкү сүрөттө** *2 саны менен көрсөтүлгөн Атантаев Сатылган, 1 саны менен көрсөтүлгөн Носирхонтөрө.*



**Басмачы деген ат менен белгилүү болгон Өзбек ССРнин КЫРГЫЗ ЖАРАНДАРЫ.**

**1. Балтабай Орозалиев,** 50 жашта, Наманган районунун Кызыраватайылынан, кыргыз, Өзбек ССРнин жараны, бай дыйкан, табыптык кылган. Үйлөнгөн, сабатсыз, мурда соттолгон эмес.

**2. Эсенбай Оразалиев,** 49 жашта, Наманган районунун Кызылрават айылынан, кыргыз, Өзбек ССРнин жараны, 6 жыл имамдык кылган. Акыркы убактарда дыйканчылык менен алектенген, бай, үйлөнгөн, сабаттуу, соттолгон эмес. Басмачылардын жардамчысы катарында Насырхантөрө жана Истамбектин кылмыш иштерин билген. Алардын куугунтуктоолордон качышына жардам берген.

Балтабай жана Эсенбай Орозалиевдер Өзбек ССРнин кылмыш-жаза кодексинин 14/78-беренесинде көрсөтүлгөн кылмыш иштерине байланыштуу айыпталышып камакка алынышкан.

**3. Абдуганы Садыкбаев,** 24 жашта, Наманган районунун Көкүмбай айылынан, кыргыз, Өзбек ССРнин жараны, үйлөнгөн, байдын уулу, атасынын чарбасында иштеген, мурда соттолгон эмес.

А). Насырхантөрө жана Истамбек менен жакын мамиледе болгон, Насырхантөрөнүн аскердик тобу тарабынан аткарылган кедей Темирбаевге каршы жасалган терроситтик актты даярдаган.

Б). Бир нече жолу Насырхантөрө жана Истамбекти жашыруу үчүн үйлөрүн берип, алардын өздөрүн тамак-аш, аттарын жем-чөп менен камсыздап турган.

Өзбек ССРнин кылмыш-жаза кодексинин 14/68, 14/78, РСФСРдин кылмыш-жаза кодексинин 17/58-2, 17/59-3-беренелеринде көрсөтүлгөн кылмыш белгилери боюнча күнөөлүү деп табылып кармалган, өзүнүн жасаган кылмыш иштерин мойнуна алган.

Мендеги маалымат боюнча бул аттары аталган боордошторубуздун кийинки тагдырлары тууралуу азырынча так маалымат жок.

Басмачылык кыймыл боюнча сөз болгондо кайсы басмачынын канча жигити болгон? – деген суроо баарыбызды кызыктырбай койбойт.

Мисалы, Эргеш корбашынын – 18 000 (кээ бир маалыматтарда 20000–24000), Мадаминбектин – 5000, Шермухаммедбектин – 6000, Калкожонун – 3000 ден ашык, Аман палвандын – 2500 дөн ашык, Парпинин – 3600, Мойдунбектин – 4500, Нурмухаммедбектин – 3900, Жанибектин – 5700.

Жогоруда аттары аталган 9 басмачынын жалпы 52200 жигит болгон.

Бул жогоруда көрсөтүлгөн сандар чындап эле алар чоң күч экенинен кабар берет.

Басмачы деген ат менен белгилүү болгон жогорудагы лидерлердин кол алдында ким деген жигиттери болгон?

Мисалы, Аман палвандын кол алдындагы корбашылар: Рахманкулбек, Йулдош Чортог, Сотиболди казы, Рус Мухаммадбек, Хожи Турабек, Байтуманбек.

Ал эми, Мухиддинбектин (Мойдунбек, Б.Ж.) кол алдындагы корбашылар: Янгибой Амин, Усмонбекбоши, Бекир Мурод, Саркор ата, Мулла Сиддик, Нур Мухаммад Бекбоши, Тухта Мухаммадбек, Ёр Мухаммад Махдум, Мулла Хужабек, Ахмад Алибек, Аскарбек.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Будянский, Д.М. (1968). *Земельно-водная реформа в Южной Киргизии*. Фрунзе.
2. Поляков, Ю.А. (Ред.). (1989) *Изменение социально-классовой структуры населения Киргизии в годы строительства и упрочения социализма (1917-1961 гг.)*. АН КиргССР, Институт истории. Фрунзе.
3. *Кыргыз тарыхы. Энциклопедия*. *(2003).* Бишкек, .
4. КРнын БМА (ЦГА КР). 21-фонд, 16-опись, 98-сактоо бирдиги, 158-159-160-161-беттер.
5. ЦГА КР. Ф. 21. оп. 16. ед. хр. 98. Л. 182-183.
6. ЦГА КР (0-31091)
7. ЦГА КР (0-29454)
8. ЦГА КР (0-31089)
9. ЦГА КР (0-29750)
10. ЦГА КР (0-31111)


**ТИРКЕМЕЛЕР:**

*(таптакыр жашыруун)*

ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ СОВЕТ КОШУНДАРЫНА КАРШЫ АРАКЕТ КЫЛГАН КОРБАШЫЛАР:

***А). Алай өрөөнүнөн:***

*1. Нурмат миңбашы.*

*2. Хамракул (Нурмат миңбашынын пансады).*

*3. Манас.*

*4. Хакимбек.*

*5. Корабай Туксабо.*

*6. Молдо Шади.*

***Б). Ош уездинен:***

*1. Аскар (Мойдунбектин, кобуроок Жолчунун пансады).*

*2. Бобожон жүзбашы.*

*3. Кулдош (Колдош, Б.Ж.).*

*4. Йулбарс (Жолборс, Б.Ж.).*

*5. Даврон (Шермухаммадбектин корбашысы).*

*6. Пулат (Ахмад палвандын пансады).*

***В). Наманган районунан:***

*1. Дадабой лашкарбашы.*

*2. Ак Молдо (Баястандын санаалашы).*

*3. Шосалим жүзбашы.*

*4. Туйчи палван.*

*5. Шойидбек пансад.*

*6. Курбон Али.*

*7. Тухта Назар.*

*8. Суюнбек жүзбашы.*

*9. Бутабек.*

*10. Усмонбек (Баястандын жүзбашысы).*

*11. Рахмонбек жүзбашы.*

*12. Кодиркул.*

*13. Хожибой жүзбашы.*

*14. Парпи молдо.*

*15. Абдукосим.*

*16. Марал жүзбашы.*

*17. Журабек.*

*18. Ирисбой жүзбашы.*

*19. Ахмадбек пансад (Ёкуббектин санаалашы).*

*20. Ёкуббек (камакка алынган).*

*21. Бойтуман ажы (лашкарбашы).*

*22. Худойберди (Дадабойдин тууганы).*

*23. Абдугафур.*

*24. Абдурахмон молдо.*

*25. Бокижон.*

*26. Эшмат Бойватча.*

*27. Ахмаджон (Дадабойдын жүзбашысы).*

*28. Абдукарим.*

*29. Дадабой миңбашы.*

*30. Козокбай миңбашы.*

*31. Тухли пансад.*

*32. Худойберген жүзбашы.*

*33. Хужам Берди.*

*34. Абдулла жүзбашы.*

*35. Ахмад Али молдо.*

*36. Султон (Баястандын санаалашы).*

*37. Баястон Амир-лашкарбашы.*

*38. Турду Али (Баястандын пансады).*

*39. Отахон пансад.*

*40. Юсуфбой жүзбашы.*

*41. Абдулла (Бойтумандын жүзбашысы).*


*42. Дада Мирза.*

*43. Мамажон.*

*44. Мирзокул.*


*45. Ирисбой (Бойтумандын жузбашысы).*

*46. Жура Дардак (Аман палвандын узонгулошу).*




Басмачы деген ат менен белгилүү болгон **Айтмерек** корбашы.

*Жанындагы аксакал Маметбай Дүйшөнбү уулу. Бул киши Айтмеректи атып, башын кесип, Өзгөн райондук ОГПУна тапшырган.*



**ЦГА КР (0-31091)**

***Аман палван Мавлянкулов*** **-** *род. 1862г., расстрелян в 1923г. в Намангане*



**ЦГА КР (0-29454)**

**Ишан Рустам** – *организатор басмаческих банд в Киргизии послан в 1928г.*

*Кур-Ширматом из Афганистана.*




**ЦГА КР (0-31089)**

*Басмачи, курбаши **Рахманкул** расстрелян в 1922г.*



**ЦГА КР (0-29750)**

*Убитый басмачи **Гаип пансат** во дворе ГПУ, убит в бою 1932г.*



**ЦГА КР (0-31111)**

***Курбаши Айтмерек*** *убит в Узгенском районе 29.06.1932г.*